КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЧҮЙ РАЙОНУ
ОНБИР-ЖЫЛГА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОНБИР-ЖЫЛГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

## ОНБИР-ЖЫЛГА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

**2026-жылдын 30-январы №4** **Шамшы а.**

### “Чүй райондук өнүктүрүү фондунун жана Чүй облустук өнүктүрүү фондунун каржылоосуна сунушталуучу долбоорлор боюнча жергиликтүү бюджеттен өздүк салым акча каражатын бөлүү жөнүндө”

Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн башчысы Н.А.Исаевдин Онбир-Жылга айыл аймагындагы социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жана чечүү маселелери боюнча маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-мартындагы №103 “Чүй райондук фондунун” эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө Жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу” токтомунун негизинде, Онбир-Жылга айылдык кеңеши токтом кылат;

1. Долбоорлорду ишке ашыруу үчүн талап кылынган өздүк салымды бөлүүгө Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн бюджетинен акча каражатын бөлүүгө уруксат берилсин.
2. Чүй райондук өнүктүрүү фондунан жана Чүй облустук өнүктүрүү фондунан каржыланууга төмөнкү долбоорлор бекитилсин.

- “Прогресс айылына балдар ойноочу аянтча жана Воркаут орнотуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Онбир-Жылга айылына балдар ойноочу аянтча жана Воркаут орнотуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Маданият айылындагы Манас өргөө паркына балдар ойноочу аянтча жана Воркаут орнотуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Кайырма айылындагы бала бакчанын аянтчасына балдар ойноочу аянтча орнотуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Чоң-Жар айылына балдар ойноочу аянтча орнотуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Манипулятор машинасын сатып алуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Хово” жүк ташуучу унаасын сатып алуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)
- “Трактор Эксковатор” сатып алуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)

• “Айыл аймагындагы социалдык мекемелерге көзөмөл байкоо камераларын сатып алуу орнотуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)

• “ Крематор жабдуусун сатып алуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом)

-Чүй райондук өнүктүрүү фондунун каржылоосуна сунушталуучу төмөнкү долбоорлор боюнча;

• “Шамшы айылындагы Рысменде уулу Акмат атындагы мектептин чатырын жабуу” долбооруна 200000 (эки жүз миң сом).

• “Айыл өкмөтүнө боз үй сатып алуу “долбооруна 200000 (эки жүз миң сом).

**3.** Жогоруда көрсөтүлгөн долбоорлор боюнча тиешелүү табыштамалар жөнөтүлсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн башчысы Н.А.Исаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К.Анарбаев**